**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН САНАРИПТИК ӨНҮКТҮРҮҮ МИНИСТРЛИГИ**

**МИНИСТЕРСТВО ЦИФРОВОГО РАЗВИТИЯ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

2023-жылы 9-августа № 280 Бишкек ш.

## Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин кызматкерлеринин Коррупцияга каршы жүрүм-турум стандартын бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын "Коррупцияга каршы аракеттенүү жөнүндө", "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө", "Кызыкчылыктардын кагылышуусу жөнүндө" Мыйзамдарына ылайык, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы № 257 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлиги жөнүндө жобону жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин ишин өркүндөтүү максатында **буйрук кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин кызматкеринин коррупцияга каршы жүрүм-турум стандарты (мындан ары-Коррупцияга каршы жүрүм-турум стандарты) тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин системасынын кызматкерлери ушул буйрук менен бекитилген Коррупцияга каршы жүрүм-турумдун стандартын кыйшаюсуз түрдө сакташсын.
3. Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин коррупцияны алдын алуу маселелери боюнча сектору Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин бардык кызматкерлерин Коррупцияга каршы жүрүм-турум стандарты менен тааныштырсын.
4. Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин басма сөз кызматы Коррупцияга каршы жүрүм-турумдун стандартын Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин ведомстволук сайтына жайгаштырсын.
5. Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин документтик камсыздоо жана контролдоо бөлүмү ушул буйрукту Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин ведомстволук бөлүмдөрүнүн жетекчилерине жеткирсин.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

6. Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин ведомстволук бөлүмдөрүнүн жетекчилери кызматкерлерди коррупцияга каршы жүрүм-турумдун стандарты менен тааныштырсын.

7. Ушул буйруктун аткарылышын контролдоону өзүмө калтырам.

**Министр** **Т.О. Иманов**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Тиркеме

Кыргыз Республикасынын
Санариптик өнүктүрүү
министрлигинин буйругу менен
БЕКИТИЛГЕН
«9» август 2023-ж. №280

**Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин кызматкеринин коррупцияга каршы жүрүм-турумунун стандарты**

## I. Жалпы жоболор

1. Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин (мындан ары – СӨМ) кызматкеринин коррупцияга каршы жүрүм-турумунун стандарты Кыргыз Республикасынын «Коррупцияга каршы аракеттенүү жөнүндө» Мыйзамынын 8-беренесине ылайык иштелип чыккан.

2. СӨМдүн кызматкеринин коррупцияга каршы жүрүм-турумунун стандарты (мындан ары - Стандарт) - бул тыюу салуулар, чектөөлөр, талаптар түрүндө туюндурулган мыйзамдык белгиленген эрежелердин жыйындысы, аларды аткаруу мамлекеттик кызматчылардын коррупцияга каршы туруктуу жүрүм-турумун калыптандырууну болжолдойт.

3. Стандарт коррупциянын бардык көрүнүштөрүнө чыдамсыздык климатына жетүү үчүн, ошондой эле коррупциялык көрүнүштөрдү өз убагында аныктоо жана алардын терс кесепеттерин болтурбоо үчүн арналган.

4. Стандарт СӨМ кызматкеринин коррупциялык көрүнүштөрдү болтурбоого багытталган иш-аракеттеринин активдүүлүгүн же кандайдыр бир иш-аракеттерди жасоодон баш тартуу же аракетсиздикке жол бербөө түрүндө белгиленген көрсөтмөлөрдү так сактоону болжолдойт.

СӨМ кызматкеринин жүрүм-туруму Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 31-майындагы № 171 Жарлыгы менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматчыларынын Этика кодексинде каралган жалпы кабыл алынган моралдык ченемдерине жана кызматтык, кесиптик этиканын ченемдерине, ишкердик жүрүм-турумдун эрежелерине ылайык келиши керек.

5. Коррупцияга каршы аракеттенүүнүн укуктук негизин Кыргыз Республикасынын Конституциясы, Кыргыз Республикасынын мыйзамдары түзөт: «Коррупцияга каршы аракеттенүү жөнүндө», «Кызыкчылыктардын кагылышуусу жөнүндө», «Административдик иштин негиздери жана административдик жол-жоболор жөнүндө», Кыргыз Республикасынын Президентинин 2020-жылдын 25-сентябрындагы № 180 «2021-2024-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы аракеттенүү жана анын себептерин жоюу боюнча мамлекеттик стратегия жөнүндө» Жарлыгы жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актылары.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИПТИК КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

6. Стандартты билүү жана аны сактоо кесиптик ишин жана кызматтык жүрүм-турумдун сапатын баалоонун критерийлеринин бири болуп саналат.

## II. СӨМ кызматкеринин коррупцияга каршы жүрүм-турумунун принциптери

7. СӨМ кызматкеринин коррупцияга каршы жүрүм –турумунун негизги принциптери болуп төмөнкүлөр саналат:

1) сатылбастык - коррупциянын бардык көрүнүштөрүндөгү тирешүү;
2) мыйзамдуулук - өзүнүн кызматтык милдеттерин белгиленген ыйгарым укуктарынын чегинде аткаруу;
3) коомдук кызыкчылыктардын артыкчылыгы;
4) жеке жоопкерчилик жана жеке үлгү.

## III. Коррупциялык аракеттердин түрлөрү

8. Коррупция - бийликтик ыйгарым укуктарга ээ болгон бир же бир нече кызмат адамдарынын айрым адамдар же топтор менен материалдык, кандай болбосун башка жыргалчылыктарды жана артыкчылыктарды мыйзамсыз алуу, ошондой эле алар тарабынан бул жыргалчылыктарды жана артыкчылыктарды жеке жана юридикалык жактарга берүү, коомдун же мамлекеттин кызыкчылыктарына коркунуч түзүүчү укукка каршы туруктуу байланыштарды түзүүдө атайылап жасалган жосун.

9. Пара берүү чагымы - пара сунуштап жаткан адамдын кызыкчылыгында СӨМ кызматкерлеринин белгилүү бир аракеттерин же аракетсиздигин аткаруу максатында анын макулдугусуз мүлктүк жана башка жыргалчылыктарды, анын ичинде акчаны СӨМ кызмат адамына өткөрүп берүү же ага мүлктүк жана мүлктүк эмес мүнөздөгү кызматтарды көрсөтүү аракети.

10. Пара берүү - бул кызмат адамы өзүнүн кызматтык милдеттерин аткаруу учурунда кандайдыр бир аракет же аракетсиздик жасашы үчүн СӨМ кызматкерине же ортомчулар аркылуу акча, баалуу кагаз, кызматтык же башка жеке, же юридикалык жак үчүн мүлктүк, же мүлктүк эмес мүнөздөгү пайда түрүндөгү пара берүү.

11. Кызыкчылыктардын кагылышуусу - коомдук-укуктук милдеттери менен өздүк (жеке) кызыкчылыктарынын ортосундагы кагылышуу, мында алардын өздүк (жеке) кызыкчылыктары алардын кызматтык милдеттерди аткаруусуна таасир көрсөтөт же таасир көрсөтүшү мүмкүн, бул жарандардын, уюмдардын же мамлекеттин укуктарын жана кызыкчылыктарын бузууга алып келет же алып келиши келиши мүмкүн болгон учурларда пайда болгон кырдаал.


ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

## IV. Коррупциянын алдын алууга багытталган тыюу салуулар, чектөөлөр жана милдеттер системасы

12. Кыргыз Республикасынын «Кызыкчылыктардын кагылышуусу жөнүндө» Мыйзамына ылайык СӨМдүн кызматкерлерине тыюу салынат:

1) кызматтык милдеттерин аткарууда көзөмөлдөө, контролдоо функцияларын жүзөгө ашырууга, алардын жана жакын адамдардын жеке (жеке) кызыкчылыгы бар келишимдерди түзүүгө (Кыргыз Республикасынын «Кызыкчылыктардын кагылышуусу жөнүндө» Мыйзамынын 11-беренеси);

2) кызматтык милдеттерди аткарууга байланыштуу наркы он эсептик көрсөткүчтөн ашпаган адаттагы белектерди алууга жол берилет (Мыйзамдын 12-беренеси);

3) эгерде кайрымдуулук жеке же юридикалык жактарга карата чечим кабыл алууга таасирин тийгизсе, жеке адамдардан же юридикалык жактардан кайрымдуулуктарды, ошондой эле мамлекеттик же коомдук муктаждыктар үчүн башка түрдөгү мүлктүк жардамды талап кылуу же кабыл алуу.

13. СӨМ кызматкерлери мамлекеттин же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын, мекеменин, уюмдун же ишкананын муктаждыктары үчүн персоналды окутууга же эмгекти уюштурууну жана материалдык-техникалык камсыз кылууну жакшыртууга тиешелүү кайрымдуулукту кабыл ала алат, эгерде ал кызыкчылыктардын кагылышуусун жокко чыгарган кырдаалда берилсе.

Кайрымдуулуктар, алардын наркына карабастан, мамлекеттик менчикке же жергиликтүү өз алдынча башкаруунун тиешелүү органынын, мекеменин, уюмдун же ишкананын менчигине өткөрүп берилүүгө тийиш;

14. СӨМ кызматкерлерине Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө» Мыйзамында каралган төмөнкү чектөөлөр колдонулат:

- Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө» Мыйзамынын 18-беренесинин 13-пунктунда каралгандан башка учурларда акы төлөнүүчү башка иш менен алектенүү (жетекчи менен макулдашуу боюнча мыйзамдарда тыюу салынбаган каражаттардан кошумча төлөнүүчү тиешелүү кесиптик чөйрөдөгү билим берүүчүлүк, эксперттик, илимий жана башка чыгармачылык иштер, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталуучу иштин түрлөрүнүн тизмесине ылайык жекече эмгектик иш менен алектенүү).

Көрсөтүлгөн ишти жүзөгө ашыруу кызматчынын негизги иштеген жери боюнча аткарылуучу иштин санына жана сапатына чагылдырылбашы керек.

- өзү же ишенимдүү жактар аркылуу ишкердик иш менен алектенүүгө, уюштуруу-укуктук формаларына карабастан чарба жүргүзүүчү субъекттерди башкарууга катышууга, ошондой эле бул үчүн кандай гана болбосун пайда алуу менен жеке жана юридикалык жактарга ишкердик ишин жүзөгө ашырууга көмөк көрсөтүү үчүн өзүнүн кызматтык абалын пайдаланууга;



ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

- эгерде мыйзамдарда башкача каралбаса, мамлекеттик органдарда жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында үчүнчү жактардын иштери боюнча ишеним берилген же башка өкүл болууга;

- маалыматтарды, материалдык-техникалык, финансылык жана маалыматтык камсыз кылуу каражаттарын, кызматтык автотранспорт каражаттарын жана кызматтык иш үчүн гана арналган башка мүлктү кызматтык эмес максаттарга пайдаланууга;

- кызматтык милдеттерди аткарууга байланыштуу мыйзамдарда каралбаган сыйакыларды (акчалай жана башка сыйакыларды, кызмат көрсөтүүлөрдү, көңүл ачууга, эс алууга, транспорттук чыгымдарга төлөөлөрдү) жана жеке жана юридикалык жактардан белектерди алууга.

- кызматтык ишти партиялык программаларга жана чечимдерге баш ийдирүү;

- аны менен жакын туугандык мамилелерде турган адамдардын түздөн-түз кол алдында же көзөмөлүндө болгон кызматтарда туруусуна;

- анын кызматы менен байланышкан, ал ыйгарым укуктуу болбогон милдеттенмелерди өзүнө алууга жана убада берүүгө;

- кызматчынын өзүнүн жана анын жакын туугандарынын түздөн-түз жеке кызыкчылыгын козгогон маселелерди чечүү үчүн өзүнүн кызматтык абалын пайдаланууга;

- кызматтык милдеттерин аткарууга байланыштуу ага белгилүү болуп калган, мыйзамдарга ылайык жеткиликтүүлүгү чектелген маалыматтарды, кызматтык милдеттерин аткаруу менен байланышпаган максаттарда жайылтууга же пайдаланууга;

- референдумдун жана шайлоо өнөктүктөрүнүн мезгилинде кызмат ордунун же кызматтык абалынын артыкчылыктарын жана административдик ресурстун башка түрлөрүн пайдаланууга;

- эгерде мыйзамдарда жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык күчүнө кирген эл аралык келишимдерде башкача каралбаса, камкорчулук же байкоочу кеңештердин, чет өлкөлүк коммерциялык эмес уюмдардын башка органдарынын башкаруу органдарынын жана Кыргыз Республикасынын аймагында иштеп жаткан алардын бөлүмдөрүнүн курамына кирүүгө;

- мыйзамдарга жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык күчүнө кирген эл аралык келишимдерге ылайык жүзөгө ашырылуучу кызматтык иш-сапарларды кошпогондо, жеке жана юридикалык жактардын каражаттарынын эсебинен Кыргыз Республикасынын чегинен сырткары кызматтык иш-сапарларга чыгууга;

15. Ушул беренеде каралган чектөөлөр сакталбаган фактынын белгилениши кызматчыга карата ээлеген кызмат ордунан бошотууга чейин тартиптик жоопкерчилик чараларын колдонуу үчүн негиз болуп саналат.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

## V. Коррупция үчүн шарт түзгөн укук бузуулар

16. Кыргыз Республикасынын «Коррупцияга каршы аракеттенүү жөнүндө» Мыйзамынын 14-беренесине ылайык коррупция үчүн шарттарды түзүүчү укук бузуулар болуп мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылардын төмөнкү аракеттери жана аракетсиздиги саналат:

1) башка мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана юридикалык жактардын ишине укук ченемсиз кийлигишүү;

2) өздөрүнүн ыйгарым укуктарын жеке кызыкчылыктарын, жакын тууганадарынын (ата-энесинин, балдарынын, жубайынын, ага-инилеринин жана эже-карындаштарынын (сиңдилеринин) же өз кишилеринин (ага-инилеринин, эже-карындаштарынын (сиңдилеринин) жана жубайларынын балдарынын) кызыкчылыктарына тиешелүү маселелерди чечүүдө пайдалануу;

3) адамга мамлекеттик жана муниципалдык кызматка кирүүдө жана кызматынан жогорулоодо мыйзамдарда каралбаган артыкчылыктарды берүү;

4) жеке жана юридикалык жактардын кызыкчылыктарына тиешелүү болгон чечимдерди даярдоодо жана кабыл алууда аларга укук ченемсиз артыкчылыктарды берүү;

5) өздөрү кызматта турган же аларга баш ийген, көзөмөлүндөгү же отчет берүүчү мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, мамлекеттик ишканалардын жана мекемелердин иштери боюнча жеке жана юридикалык жактарга ишенимдүү адам катары катышуу;

6) расмий түрдө жайылтууга жатпаган жана мамлекеттик иш-милдеттерди аткарууда алынган маалыматты жеке же топтук кызыкчылыктарда пайдалануу;

7) жеке жана юридикалык жактарга берилүүсү мыйзамда каралган маалыматтарды берүүдөн негизсиз баш тартуу, аны өз убагында бербөө, такталбаган же болбосо толук эмес маалыматтарды берүү;

8) жеке же юридикалык жактардан берилүүсү мыйзамда каралбаган маалыматтарды талап кылуу;

9) мамлекеттик же муниципалдык каржылык жана башка материалдык ресурстарды талапкерлердин жана коомдук уюмдардын шайлоо фонддоруна берүү, ошондой эле аларды жарандарга жана юридикалык жактарга мыйзам ченемсиз берүү;

10) протоколдук жана башка расмий иш-чараларды өткөрүүдө ызаат көрсөтүү катары берилүүчү символдук белгилерди жана символдук сувенирлерди кошпогондо, жогору турган расмий адамдарга белектерди тартуулоо, материалдык жана башка жыргалчылыктарды берүү, кызматтан тышкаркы кызматтарды көрсөтүү;

11) жогору же төмөн турган же болбосо кызмат же иши боюнча дагы башкача көз карандылыкта турган кызмат адамдары менен акчалай же башка мүлктүк мүнөздөгү кумар оюндарына катышуу;


ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

12) жеке ишкердикти мамлекеттик жөнгө салуу ыйгарым укуктарын мындай ишти жүзөгө ашыруучу жеке жана юридикалык жактарга өкүлдөө, эгерде Кыргыз Республикасынын мыйзамында башкача каралбаса, ошондой эле көзөмөлдөөнү берүү.

17. Эгерде ал кылмыш катары жазалануучу жосундун белгилерин камтыбаса, СӨМ кызматкерлери тарабынан жогоруда көрсөтүлгөн кандайдыр бир укук бузуулардын жасалышы, кийин СӨМдөн ээлеген кызмат ордунан бошотууну кошуп алганда, тартипке чакыруу жаза чарага алып келет.

## VI. Коррупциялык аракеттерге каршы аракеттенүү

18. Кыргыз Республикасынын «Коррупцияга каршы аракеттенүү жөнүндө» Мыйзамынын 9-беренесинин 6-пунктун жетекчиликке алып, СӨМ кызматкерлери башка кызматчылар тарабынан коррупциялык көрүнүштөрдүн фактылары белгилүү болгон учурларда, ал бул жөнүндө жазуу жүзүндө тез арада СӨМ жетекчилигине, СӨМ коррупциясынын алдын алуу маселелери боюнча секторго билдирүүгө милдеттүү.

СӨМ жетекчиси коррупция көрүнүшүнүн фактылары жөнүндө билдирген кызматкерди укук коргоо органдарына кайрылганга чейин коргоону камсыз кылууга милдеттүү.

19. Коррупциялык укук бузууларды жасоого тартуу максатында кайрылуу фактылары жөнүндө кабарлоо, бул фактылар боюнча текшерүү жүргүзүлгөн же жүргүзүлүп жаткан учурларды кошпогондо, кызматкердин кызматтык (кызматтык) милдети болуп саналат.

Кызматкердин жогоруда көрсөтүлгөн кызматтык (кызматтык) милдеттерин аткарбоосу аны мамлекеттик кызматтан бошотууга же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчиликтин башка түрлөрүнө тартууга алып келүүчү укук бузуу болуп саналат.

20. Коррупциялык укук бузууларды жасоого тартуу максатында ага кайрылган фактылар жөнүндө, башка мамлекеттик жарандык кызматчылар же муниципалдык кызматчылар тарабынан жасалган коррупциялык укук бузуулар, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык декларацияда маалыматты бербеген же билип туруп анык эмес же толук эмес маалыматты берген фактылар жөнүндө жалдоочунун (жумуш берүүчүнүн) өкүлүнө, прокуратура органдарына же башка мамлекеттик органдарга билдирген кызматкер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык мамлекеттин коргоосунда турат.

21. Коррупция менен күрөшүүгө көмөк көрсөтүүчү адам жөнүндө маалымат мамлекеттик жашыруун сыр болуп саналат жана коррупция менен күрөш жүргүзүүгө ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын же соттун жазуу жүзүндөгү суроо-талабы боюнча гана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте берилет.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

22. Коррупция көрүнүшүнүн фактылары жөнүндө билип туруп жалган маалымат билдирген адам Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жоопкерчилик тартат.

## VII. Кызыкчылыктар кагылышында кызматкердин жүрүм-туруму

23. СӨМдүн кызматкери кызыкчылыктардын кагылышуусунун ар кандай мүмкүндүгүнө жол бербөө боюнча чараларды көрүүгө милдеттүү.

24. Кызыкчылыктардын кагылышуусу же мындай кагылышуунун пайда болушу мүмкүн болгон учурда кызматкер бул жөнүндө жетекчиге маалымдоого милдеттүү. Кызыкчылыктардын кагылышуусу пайда болгондо жетекчи кызматкердин кызматтык ыйгарым укуктарынын артыкчылыктарын өздүк (жеке) кызыкчылыктары үчүн пайдаланууга жол бербөө максатында мыйзамдарда белгиленген чараларды көрөт.

25. Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө» Мыйзамынын 33-беренесине ылайык кызыкчылыктардын кагылышуусунун алдын алуу маселеси боюнча түздөн-түз ага баш ийген кызматчы кайрылган учурда, мамлекеттик органдын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жетекчиси тарабынан чара көрүлбөөсү ишенимди жоготкондугуна байланыштуу жетекчини кызмат ордунан бошотуу үчүн негиз болуп саналат.

Кызыкчылыктардын кагылышуусу тарабы болгон кызматкердин кызыкчылыктардын кагылышуусун болтурбоо же жеңгө салуу боюнча чараларды көрбөөсү кызматкерди мамлекеттик кызматтан бошотууга алып келген укук бузуу болуп саналат.

## VIII. Белектерди алуу

26. СӨМ кызматкерлери кызыкдар тараптардан белектерди (акча, товар, кызмат ж.б.) алуу үчүн кызматтык абалын пайдаланууга укугу жок жана СӨМдүн аброюна шек келтирген жагдайлардан оолак болууга тийиш.

27. Үчүнчү жакка иш-аракет (аракетсиздик) же кызматтык милдеттерин кийинкиге калтыруу түрүндө белек, сыйлык же башка жеке пайда үчүн кандайдыр бир жардам сунуштоого же убада кылууга тыюу салынат.

28. Наркы он эсептик көрсөткүчтөн ашпаган адаттагы белектерди алууга жол берилет.

29. СӨМ кызматкери тарабынан расмий протоколдук иш-чаралардын алкагында алынган дипломатиялык белектер акт боюнча СӨМдүн менчигине өткөрүлүп берилет.

30. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 7-августундагы № 362 «Кызыкчылыктардын кагылышуусу жөнүндө «Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашыруу чаралары жөнүндө» токтому менен белгиленген тартипте кызматкерлерге белектерди сатып алууга уруксат берилет.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

## IX. Товарларды, жумуштарды, кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу менен байланышкан мамлекеттик сатып алууларды жүзөгө ашыруу

31. Товарларды, жумуштарды, кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу менен байланышкан мамлекеттик сатып алууларды жүзөгө ашырууда СӨМдүн кызмат адамдары:

1) мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарын так жетекчиликке алуу;

2) мамлекеттик сатып алуулар үчүн пайдаланылган акча каражаттарын оптималдуу жана натыйжалуу сарптоо;

3) мамлекеттик сатып алууларды ишке ашырууда, инновациялык жана жогорку технологиялык товарларды, жумуштарды, кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууда ачыктык, калыстык, жарыялуулук жана айкындуулук принциптерин кармануу;

4) коррупциялык көрүнүштөргө жол бербөө;

5) өткөрүлгөн мамлекеттик сатып алууларга аффилирленген жактардын катышуусуна жол бербөө.

## X. СӨМдө кадрларды тандоо жана жайгаштыруу

32. СӨМдө кадрларды тандоодо жана жайгаштырууда:

1) Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин жана Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат чөйрөсүндөгү мыйзамдарынын талаптарын сактоо зарыл;

2) тууганчылык, жердешчилик белгилери боюнча кадрларды тандоо жана жайгаштыруу учурларына жол бербөө, меритократия принциптеринин сакталышын камсыз кылуу (кадрдык чечимдер кесиптик мүнөздөмөлөрдү жана ак ниеттүүлүктү, стажды жана иш тажрыйбасын эске алуу менен кабыл алынышы керек);

3) СӨМгө жумушка орношууда СӨМ кызматкерлерине коюлган негизги милдеттерди, тыюу салууларды жана чектөөлөрдү түшүндүрүү;

4) СӨМ кызматкерлерине карата кызматтык териштирүүлөрдү объективдүү жана ар тараптуу жүргүзүү.

## XI. Кызматтык өз ара мамилелер

33. СӨМдүн башка кызматкерлерине карата уюштуруу-тескөө ыйгарым укуктары берилген СӨМ кызматкери төмөнкүлөргө милдеттүү:

1) баш ийген кызматкерлердин милдеттерин жана кызматтык ыйгарым укуктарынын көлөмүн конкреттүү жана так аныктоо;

2) баш ийген кызматкерлердин ортосунда эмгек жүгүн бирдей эмес бөлүштүрүүгө жол бербөө;

3) алардын ишинин аткарылышына баа берүүдө, ошондой эле сыйлоо жана жаза чараларын колдонууда калыстыкты жана объективдүүлүктү көрсөтүү;

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

4) аткарууга мүмкүн болбогон же кызматтык милдеттеринин чегинен чыккан, ошондой эле мыйзамдарга карама-каршы келген буйруктарды бербөө.

**XII. СӨМ жетекчилигинин коррупцияга каршы күрөшүүгө жана алдын алууга багытталган иштерди уюштуруу боюнча жоопкерчилиги.**

34. Коррупцияга каршы аракеттенүүнү СӨМ системасынын бардык кызматкерлери өз функцияларынын жана ыйгарым укуктарынын чегинде жүзөгө ашырууга милдеттүү.

35. СӨМ жетекчилиги коррупцияга каршы аракеттенүү жана алдын алуу боюнча чаралардын натыйжалуулугун жогорулатууга багытталган ырааттуу, системалуу жана үзгүлтүксүз аракеттерди кабыл алууга тийиш.

36. СӨМ жетекчилиги жана коррупциянын алдын алуу маселелери боюнча сектору коррупцияга каршы аракеттенүү чөйрөсүндөгү мыйзамдардын талаптарын аткарууну жана каралган чараларды колдонууну камсыз кылат.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН